# И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

## ЭЛ АРАЛЫК ЛОГИСТИКА ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ
## КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫНЫН 2023-2028 -ОКУУ ЖЫЛДАРЫНЫН АРАЛЫГЫНДАГЫ ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

**БИШКЕК - 2023**

## И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫНЫН 2023-2028 -ОКУУ ЖЫЛЫНЫН АРАЛЫГЫНДАГЫ ӨНУКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ ЖАНА АНЫН ИШКЕ АШЫРЫЛЫШЫ

И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасы өз стратегиясынын негизинде коюлган максаттарды ишке ашырууга аракет кылат.

И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын өнүгүү стратегиясы билим берүү жана илим тармагында санариптик трансформациялоону жана жалпы сапаттуулукка жетишүүгө, билим берүүдө жана илимде колдон келген шарттарды түзүүгө, КМТУнун ишмердигинде жаштарга жана студенттерге алардын жогорку моралдык эрежелерди, салттарды, коомдук баалуулуктарды, жакшы жашоонун үлгүсүн өздөштүрүүсү аркылуу тарбия берүүгө өтө чоң маани берилет.

Кафедра И. Раззаков атындагы КМТУнун бардык багыттары боюнча адистиктеринде окушкан бакалаврларга жалпы билим берүү программасы менен "Кыргыз тили жана адабияты" дисциплинасы боюнча практикалык сабактарды окутат.

Окутуу Мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана багыттар боюнча окуу пландарына ылайык жүргүзүлөт.

## 1. ӨНҮГҮҮНҮН АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫН ТАЛДОО ЖАНА БАА БЕРҮҮ

- И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасында билим берүү программалары боюнча электрондук-билим берүүчү чөйрөнүн иштөөсү үчүн шарттар түзүлгөн.

- 2021-2022-ж.ж. илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2 патент алынган, 2 монография жарыкка чыкты, 20дан ашык илимий макалалар республикалык жана чет өлкөлүк рецензиялануучу илимий басылмаларга жарыяланды;

- кафедрада окутулуп жаткан "Кыргыз тили жана адабияты" сабагы боюнча студенттерге сапаттуу кесиптик билим берүү менен мамлекеттик тилди үгүттөө жана аны ишке киргизүү боюнча жигердүү агартуучулук ишмердиктер аткарылды;

- КМТУнун порталына күндүзгү жана сырттан окуу боюнча бардык окуу-усулдук материалдар жайгаштырылды;

- багыттар боюнча адистиктерге кыргыз тили жана адабияты боюнча практикалык сабактарга бөлүнгөн кредиттерге ылайык окуу усулдук комплекстер иштелип чыкты жана корректировкалар жасалды;

- кафедранын илимий потенциалын жогорулатуу максатында кафедранын окутуучуларына илимий-изилдөөчүлүк темалары жана жетекчилери бекитилип берилди. Айрым окутуучулар аспирантурага тапшырып, окуп жатышат;

- окутуу Мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана багыттар менен адистиктер боюнча тиешелүү окуу пландарына ылайык жүргүзүлдү. Окуу программалары кадимки жана кредит формасы боюнча ишке ашырылды.

- кафедра ишмердигинин бардык түрлөрүндө жогорку сапаттуулукту камсыз кылуу максатында окуу процессин жакшыртуу үчүн окутуунун техникалык каражаттары алынды.

И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасы эң зарыл болгон материалдык-техникалык байлыктар менен камсыз болуп турат. Университеттин материалдык-техникалык базасын, кабинеттерди өз убагында жабдуу жана жаңыртуу – өнүгүүнүн стратегиялык багыттарынын катарына кирет:

- кафедрада жалпы аянты 90 кв.м. болгон 2 аудитория бар;

- кафедрага тиешелүү болгон 2-509, 2-524 жана 2-507-аудиторияларга жаңы эмеректер, техникалык каражаттар (кафедра мүчөлөрүнүн ар бирине жумушчу орундары үчүн стол, стул, компьютерлер (компьютерлер бирок эски), шкафтар, 2-509-аудиторияга блок-парталар, кондиционер, жалюзилер жаңыртылды, кафедра башчысы үчүн кафедра башчысынын өзүнүн

каражатынан 3 бөлүктөн турган чоң стол, "Ак-Бата" фирмасынын суусу диспенсери менен) жана линолеум алмаштырылды.

- Кафедра башчысы үчүн 2-418-кабинет алынып, толугу менен оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү.

## 2. МИССИЯСЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕКТЕГИ КӨРҮНҮШҮ

**И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын миссиясы –** коомдун, мамлекеттин керектөөлөрүнө ылайык атаандаштыкка жөндөмдүү болгон билим берүү программаларын ишке ашыруу аркылуу өлкөнүн инновациялык өнүгүүсүнө багытталган илимдин, билим берүү мейкиндигиндеги интеграциянын негизинде сапаттуу билим берүүнү өркүндөтүү жана өнүктүрүү.

**Келечектеги көрүнүшү**. 2028-жылга карата кыргыз тили кафедрасы университеттин ичинде кадыр-барктуу рейтингине кириши жана жыл сайын өз абалын жакшыртуусу керек. Ишкердик, чыгармачылык жана интеллектуалдык чөйрөнүн жаралышын жана кафедранын ишмердигинин натыйжалуу жыйынтыгына багытталган жамааттын бүтүндөй жеке күчтөрүнүн биригүүсүн камсыз кыла турган процесстерди башкаруунун жаңы системасынын модели ишке ашырылат.

## 3. ӨНҮГҮҮНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ

Артыкчылыктуу багыттарды ишке ашыруу максатында өз ара байланышкан төмөнкүдөй программалар системасы каралып жатат:

1. сапаттуу билим берүү;
2. адам ресурстарын чыңдоо;
3. инфраструктураны, коопсуз жана натыйжалуу окутуу чөйрөсүн өнүктүрүү;
4. санариптештирүү;
5. социалдык жана өнүктүрүү чөйрөсү.

## 4. СТРАТЕГИЯНЫ ИШКЕ АШЫРУУ МЕХАНИЗМИ

Өнүгүү стратегиясы И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасы тарабынан аны ишке ашыруунун жыйынтыктары талкууланып, каралып, зарылдыгына жараша өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилүү менен бекитилет.

И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасы 2023-2028-жылдарда өнүгүү стратегиясы пландаштырылган көрсөткүчтөрдү (индикаторлорду) аткарууга багыт алуу менен өз ишмердигинин алкагында ишке ашырышат, бул учурда кафедранын башчысы милдеттердин ишке ашырылышына жана аткарылышына жоопкерчиликтүү болот.

Стратегияны ишке ашыруу механизми кыргыз тили кафедрасынын жана анын стратегиялык милдеттерди аткаруу боюнча жооптуулар, аткаруучулар жана ишке ашыруу мөөнөттөрү боюнча өз ара байланыштуу болгон иш-чаралар топтомун билдирип турат.

| 1. САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ | | | |
|---|---|---|---|
| **Стратегиялык милдеттер** | **Чаралар, иш-аракеттер** | **Ишке ашыруу мөөнөтү** | **Күтүлгөн натыйжалар** |
| Кафедранын макамын жогорулатуу | Университеттин өзгөчө макам алгандыгына байланыштуу окуу программасына толугу менен өзгөртүү киргизүү (адабият боюнча программаларды алып салуу, кесипке, орфографиянын жазуу эрежелерине жана иш кагаздарына багытталган окуу жумушчу программасын түзүп, ишке киргизүү) | 2024 | 100 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Кыргыз тили жана адабияты предметинин аталышын **"адистештирилген"**, же **"кесиптик"**, же **иштиктүү кыргыз тили** деп өзгөртүү (КР ББИМдин уруксатына жараша) | | |
| | Окуу процессин уюштурууну өркүндөтүү, студенттерге билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган окуу усулдарын иштеп чыгуу | | |
| | Билим берүү жана илим министрлигинин грифи бар окуу китептери менен окуу куралдарын басып чыгаруу | 2023-2028 | 50 |
| | Кесипке багыт берүү боюнча иштерди аткарууну улантуу | 2023-2028 | 100 |
| Кафедранын билим берүүчүлүк, илимий-техникалык потенциалын жогорулатуу | Дисциплиналар боюнча кафедранын билим берүүчүлүк кызматын, илимий изилдөөлөрдү, СИИИни ж.б.; | 2023-2028 | 100 |
| **2. АДАМ РЕСУРСТАРЫН ЧЫҢДОО** | | | |
| **Стратегиялык милдеттер** | **Чаралар, иш-аракеттер** | **Ишке ашыруу мөөнөтү** | **Күтүлгөн натыйжалар** |
| Кадрдык курамды тынымсыз өнүктүрүү | IT курстарында профессордук-окутуучулар курамынын жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу | 2023-2028 | 100% |
| | Тил курстарында профессордук-окутуучулар курамынын жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу | 2023-2028 | 100% |
| Профессордук-окутуучулар курамын чыңдоо | Таланттарды тартуу | 2023-2028 | 100% |
| Билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде өз тармагындагы алдыңкы кызматкерлерди н кадрдык резервин түзүү | 35 жашка чейинки жаш окумуштуулардын ичинен кызматкерлердин кадрдык резервин камтуу | 2023-2028 | 25% |
| Кызматкерлердин ишмердигин материалдык | KPI жана рейтингдик системаны эске алуу менен ЖОЖдун эмгек акы фондуна шыктандыруучу | 2023-2028 | 10% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| жана моралдык жактан кызыктыруу системасын жакшыртуу | төлөмдөрүнө жеткирүү | | |
| **3. ИНФРАСТРУКТУРАНЫ, КООПСУЗДУК ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУ ОКУТУУ ЧӨЙРӨСҮН ӨНҮКТҮРҮҮ** | | | |
| **Стратегиялык милдеттер** | **Чаралар, иш-аракеттер** | **Ишке ашыруу мөөнөтү** | **Күтүлгөн натыйжалар** |
| Кафедранын материалдык-техникалык базасын өркүндөтүү жана чыңдоо | Окуу аудиторияларын жаңылоо | 2023-2028 | 100 |
| Окуу процессин жана илимий изилдөөлөрдү ишке ашыруу шарттарын жакшыртуу | Окуу процессин уюштурууну жакшыртуу максатында окутуунун техникалык жаңы каражаттары алынууга тийиш | 2023-2028 | 100 |
| **4. САНАРИПТЕШТИРҮҮ** | | | |
| **Стратегиялык милдеттер** | **Чаралар, иш-аракеттер** | **Ишке ашыруу мөөнөтү** | **Күтүлгөн натыйжалар** |
| Кафедранын окуу процессин жана башкаруу ишмердигин маалыматтык-коммуникациялык жактан камсыздоону ишке ашыруу | Кафедраны программалык-маалыматтык жактан камсыздоо | 2023-2028 | 100 |
| | Келерки окуу жылы үчүн видеосабактарды тартып, шилтемелерин online.kstu.kg билим берүү порталына жайгаштыруу | | |
| | Усулдук документацияларды, жумушчу программаларды (силлабустар ж.б.) даярдоо жана кыргыз тили жана адабияты дисциплинасынан кредит-технологиясы боюнча сабактарды өтүүнүн сапатын жогорулатуу | | |
| Санариптик эксперттик чечимдерди колдоо системаларынын негизинде иш алып баруу | Электрондук документ жүгүртүүнү колдонуу менен чечимдердин жана натыйжалардын натыйжалуулугун жогорулатуу | 2023-2028 | 100 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Университетти башкаруунун инновациялык автоматташтырылган маалыматтык системасын(АМС) ишке киргизүү | Авторлоштуруунун бирдиктүү борбору,маалыматтарды булуттуу сактоосу жана online.kstu.kg билим берүү порталы менен интегрирлешкен маалыматтарды биргелешип колдонуусу бар АМСти колдонуу | 2024-2025 | 100 |
| | Корпоративдик почта менен интегрирлешкен электрондук документ жүгүртүү | 2024 | 100 |
| | Кызматкерлерди санариптик технологиялар менен иштөөгө жана булуттуу/эсептөө ресурстарын колдонууга үйрөтүү | 2023-2028 | 100 |
| **5. СОЦИАЛДЫК ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ ЧӨЙРӨСҮ** | | | |
| **Стратегиялык милдеттер** | **Чаралар, иш-аракеттер** | **Ишке ашыруу мөөнөтү** | **Күтүлгөн натыйжалар** |
| Студенттер менен иштөөнүн натыйжалуу формаларын ишке ашыруу жана жаштардын жарандык активдүүлүгүн жана патриоттук сезимин жогорулатуу | Студенттердин ар кандай жаштар форумдарынажана тарбиялык, патриоттук мүнөздөгү иш- чараларга катышуусу | 2023-2028 | 100 |
| Ар тараптуу өнүккөн, маданияттуу жана билимдүү жаштарды тарбиялоо | Студенттерге мамлекеттик тилди билүүгө, сүйүүгө карата тарбиялык иштерди дайыма жүргүзүп туруу. Алардын патриоттук, нравалык жана эстетикалык жактан туура тарбия алышы үчүн дайыма пландуу иш-аракеттерди аткарып туруу зарылчылыгы | 2023-2028 | 100 |

**Кафедра башчысы** **А. Жумагул кызы**